# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IFRS) 14

## *«Кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсептери»*

## Максаты

1 Ушул стандарттын максаты ишкана сатып алуучуларга товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү *тарифтик жөнгө салуунун* маңызы болуп саналган баалар же тарифтер боюнча берген учурда келип чыккан *кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды* финансылык отчеттуулукта көрсөтүүгө карата талаптарды белгилөөдө турат.

2 Бул максатка жетишүү үчүн стандарт төмөнкүлөрдү талап кылат:

(a) кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктар жагынан мурдатан колдонулуп келген бухгалтердик эсептин жалпы кабыл алынган принциптерине (*мурдатан колдонулуп келген БЭЖП (GAAP)*) ылайык пайдаланылган, негизинен отчеттуулукта ушундай эсептерди көрсөтүүгө кирген эсеп саясатына таандык болгон чектелген өзгөртүүлөрдү киргизүүнү; жана

(b) төмөнкүдөй маалыматтарды ачып көрсөтүүнү:

(i) тарифтик жөнгө салуудан улам келип чыккан, финансылык отчеттуулукта таанылган суммаларды идентификациялаган жана түшүндүргөн; жана

(ii) финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларга кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча таанылган калдыктар менен байланышкан келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын өлчөмүн, келип чыгуу мөөнөттөрүн жана айкын эместигин түшүнүүгө жардам берген.

3 Ушул стандарт аны колдонуу чөйрөсүнө кирген ишканага ал ФОЭСти алгачкы колдонуп жатканда кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды мурдатан колдонулуп келген БЭЖПте (GAAP) каралган эсеп саясатына ылайык, ага жогорудагы 2-пунктта көрсөтүлгөн чектелген өзгөртүүлөр киргизилген шартта эсепке алууну улантууга жардам берет.

4 Мындан тышкары, ушул стандарт башка стандарттардын талаптарынан айрым өзгөчө учурларды же башка ФОЭС стандарттарынын талаптарын сактоодон бошотууларды карайт. Кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктар жагынан бардык көрсөтүлгөн талаптар, ошондой эле ушундай калдыктарга кирген ар кандай башка стандарттардын талаптарынан айрым өзгөчө учурлар же башка ФОЭС стандарттарынын талаптарын сактоодон бошотуулар бул башка ФОЭС стандарттарында эмес, ушул стандартта келтирилет.

## Колдонуу чөйрөсү

**5 Ишкана *ФОЭС боюнча өзүнүн биринчи финансылык отчеттуулугунда* ушул стандарттын талаптарын колдонууга укуктуу, эгерде бир гана ал:**

**(a) *тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүктү* жүзөгө ашырып жатса; жана**

**(b) мурдатан колдонулуп келген БЭЖПке (GAAP) ылайык даярдалган анын финансылык отчеттуулугунда кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктар катарында квалификацияланган суммаларды тааныса.**

**6 Эгерде ишкана ушул стандарттын талаптарын колдонууну тандап, ФОЭС боюнча өзүнүн биринчи финансылык отчеттуулугунда кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды тааныса, ал кийинки мезгилдер үчүн өзүнүн финансылык отчеттуулугунда ушул стандарттын талаптарын колдонууга тийиш.**

7 Ушул стандартта тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүктү жүзөгө ашырып жаткан ишканалар бухгалтердик эсепти жүргүзүшүнүн башка аспекттери каралбайт. Ушул стандарттын талаптарын колдонууда башка ФОЭС стандарттарынын талаптарына ылайык активдер же милдеттенмелер катары таанууга уруксат берилген же талап кылынган суммалар кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктар катары классификацияланган суммалардын курамына киргизилүүгө тийиш эмес.

**8 Ушул стандарт колдонулуучу чөйрөгө кирген жана аны колдонуу жөнүндө чечим кабыл алган ишкана анын бардык талаптарын тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүктү ушул ишкана жүзөгө ашырышынын натыйжасында келип чыккан кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча бардык калдыктарга карата колдонууга тийиш.**

## Таануу, баалоо, нарктын түшүшү жана таанууну токтотуу

### «*Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар*» ФОЭС (IAS) 8дин 11-пунктунун талаптарын сактоодон убактылуу бошотуу

**9 Кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таануу, баалоо, наркынын түшүшү жана таанылышын токтотуу боюнча өзүнүн эсеп саясатын иштеп чыгууда тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүктү жүзөгө ашырып жаткан, ошондой эле ушул стандартты колдонуу чөйрөсүнө кирген жана аны колдонуу жөнүндө чечим кабыл алган ишкана ФОЭС (IAS) 8дин 10 жана 12-пункттарын колдонууга тийиш.**

10 ФОЭС (IAS) 8дин 10 жана 12-пункттарында түздөн-түз ушул беренеге карата колдонулуучу тиешелүү ФОЭС стандарты жокто кандайдыр-бир берене жагынан эсеп саясатын иштеп чыгууда жетекчилик эске алууга милдеттүү же укуктуу болгон талаптардын жана көрсөтмөлөрдүн булактары келтирилет. Ушул стандарт кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таануу, баалоо, наркынын түшүшү жана таанылышын токтотуу боюнча ишкананын эсеп саясаты жагынан аны ФОЭС (IAS) 8дин 11-пунктун колдонуудан бошотот. Анын натыйжасында ФОЭС (IAS) 8дин 11-пунктун колдонуудан бошотуу аркылуу мурдатан колдонулуп келген БЭЖПке (GAAP) ылайык кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды же болбосо өзүнчө беренелер катарында, же болбосо башка активдердин же милдеттенмелердин балансытык наркынын бир бөлүгү катары тааныган ишканалар ушул стандарттын 18 – 19-пункттарында талап кылынган маалыматты берүүгө өзгөртүүлөр киргизилген шартта бул калдыктарды ушул стандартка ылайык таанууну улантууга укуктуу.

 © ФОЭС Фонду

## Колдо болгон эсеп саясатын колдонууну улантуу

**11 13 – 15-пункттарда жол берилген ар кандай өзгөртүүлөрдү кошпогондо, ушул стандартты биринчи жолу колдонуп жатканда ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таануу, баалоо, наркынын түшүшү жана таанылышын токтотуу жагынан мурдатан колдонулуп келген БЭЖПте (GAAP) каралган эсеп саясатын колдонууну улантууга тийиш. Бирок мындай суммаларды көрсөтүү маалыматты көрсөтүүгө карата ушул стандарттын талаптарына ылайык келүүгө тийиш, бул мурдатан колдонулуп келген БЭЖПте (GAAP) каралган маалыматты көрсөтүү жагынан ишкананын эсеп саясатында өзгөртүүлөрдү талап кылышы мүмкүн (18 – 19-пункттарды караңыз).**

12 13 – 15-пункттарда жол берилген өзгөртүүлөрдү кошпогондо, ишкана кийинки мезгилдерде 11-пунктка ылайык белгиленген эсеп саясатын ырааттуу колдонууга тийиш.

## Эсеп саясатындагы өзгөртүүлөр

**13 Кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таанууну баштоо үчүн ишкана ушундай эсеп саясатына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө тийиш эмес. Тиешелүү өзгөртүүнүн натыйжасында финансылык отчеттуулук аны пайдалануучулары экономикалык чечимдерди кабыл алышы үчүн алда канча жөндүү жана андан кем эмес ишенимдүү[1] болгон же болбосо бул керектөөлөр үчүн алда канча ишенимдүү жана андан кем эмес жөндүү болуп калганда, ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таануу, баалоо, наркынын түшүшү жана таанылышын токтотуу жагынан өзүнүн эсеп саясатын өзгөртө алат. Ишкана ФОЭС (IAS) 8дин 10-пунктунда келтирилген критерийлерди жетекчиликке алып, жөндүүлүктү жана ишенимдүүлүктү талдоого тийиш.**

14 Ушул стандарт ишкананы эсеп саясаты жагынан ФОЭС (IAS) 8дин 10 же 14 – 15-пункттарын колдонуудан бошотпойт. Кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктар жагынан эсеп саясатын өзгөртүүнү негиздөө үчүн ишкана бул өзгөртүү финансылык отчеттуулуктун ФОЭС (IAS) 8дин 10-пунктунда көрсөтүлгөн критерийлерге алда канча так ылайык келишин камсыз кылаарын көрсөтүүгө тийиш. Бирок, бул өзгөртүү кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таануу, баалоо, наркынын түшүшү жана таанылышын токтотуу жагынан бул критерийлерге толук ылайык келтирүүгө тийиш эмес.

15 13 – 14-пункттар ушул стандартты алгачкы жолу колдонгон учурда киргизилген өзгөртүүлөр, ошондой эле кийинки отчеттук мезгилдерде киргизилген өзгөртүүлөр жагынан колдонулат.

## Башка ФОЭС стандарттары менен өз ара аракеттенүү

**16 Ушул стандарттын башка ФОЭС стандарттары менен өз ара аракеттенүүсүнө тиешелүү конкреттүү өзгөчө учурлар, бошотуулар же кошумча талаптар ушул стандартта камтылган (В7 - В28-пункттарды кара). Кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктар жагынан ушундай өзгөчө**

[1] 2010-жылы ФОЭС боюнча кеңеш 2001-жылы ФОЭС боюнча кеңеш тарабынан кабыл алынган «Финансылык отчеттуулукту даярдоо жана берүү концепциясын» (Концепция) «Финансылык отчеттуулуктун концептуалдык негиздерине» (Концептуалдык негиздер) алмаштырган. 2010-жылы чыгарылган Концептуалдык негиздерде колдонулган «туура көрсөтүү» түшүнүгү 2018-жылы чыгарылган Концептуалдык негиздердин кайра каралган версиясында колдонулушун улантат, ал өзүнө Концепциядагы «ишенимдүүлүк» деп аталган негизги мүнөздөмөлөрдү өзүнө камтыйт. Ушул стандарттын 13-пунктунун талабы ФОЭС (IAS) 8дин талаптарына негизделген, анда «ишенимдүү» терминин колдонуу улантылат.

**учурлар, бошотуулар же кошумча талаптар жокто башка стандарттарга ылайык таанылган активдерге, милдеттенмелерге, кирешелерге жана чыгашаларга карата алар колдонулгандай эле түрдө башка стандарттар колдонулууга тийиш.**

17 Айрым учурларда 11 – 12-пункттарга ылайык белгиленген ишкананын эсеп саясатына ылайык бааланган кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдык жагынан ушул калдыкты финансылык отчеттуулукта ойдогудай түрдө чагылдыруу үчүн башка стандартты колдонуу талап кылынышы мүмкүн. Мисалы, ишкана башка өлкөдө тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүктү жүзөгө ашыра алат, ал жагынан кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча операциялар жана калдыктар отчет берүүчү ишкананын колдонуудагы валютасы болуп саналбаган валютада көрсөтүлгөн. Кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктар жана бул калдыктар боюнча кыймылдар «*Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири*» ФОЭС (IAS) 21ди колдонуу менен кайра эсептелет.

## Маалыматты берүү

### Маалыматты берүү тартибиндеги өзгөртүүлөр

18 Ушул стандартта, 20 – 26-пункттарда кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктар жагынан маалыматты берүүгө карата талаптар киргизилет, алар 11 – 12-пункттарга ылайык таанылат. Ушул стандартты колдонууда кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктар финансылык абал жөнүндө отчетто башка ФОЭС стандарттарына ылайык таанылууга тийиш болгон активдерге жана милдеттенмелерге кошумча түрүндө таанылат. Маалыматты берүүгө карата бул талаптар кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таануу тарабынан көрсөтүлүүчү таасирди финансылык отчеттуулуктагы маалыматты берүүгө карата башка ФОЭС стандарттарынын талаптарынан бөлөт.

19 Финансылык абал жөнүндө отчетто жана *«Финансылык отчеттуулукту берүү»* ФОЭС (IAS) 1ге ылайык пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто (отчеттордо) көрсөтүлүүгө тийиш болгон беренелерге кошумча түрдө ушул стандартты колдонуп жаткан ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча бардык калдыктарды, ошондой эле ушул калдыктар боюнча кыймылдарды 20 – 26-пункттарга ылайык көрсөтүүгө тийиш.

### Кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды классификациялоо

**20 Ишкана финансылык абал жөнүндө отчетто төмөнкүлөрдү айрым беренелер түрүндө көрсөтүүгө милдеттүү:**

**(a) кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча бардык дебеттик калдыктардын жыйынтык суммасын; жана**

**(b) кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча бардык кредиттик калдыктардын жыйынтык суммасын.**

**21 Эгерде ишкана жүгүртүүдөгү жана жүгүртүүдөн тышкаркы активдерди, ошондой эле кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү милдеттенмелерди финансылык абал жөнүндө өзүнүн отчетунда өзүнчө классификациялоо түрүндө көрсөтсө, ал кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктардын жыйынтык суммаларын финансылык абал жөнүндө өзүнүн отчетунда жүгүртүүдөгү же жүгүртүүдөн тышкаркы/кыска мөөнөттүү же узак мөөнөттүү катары классификациялоого тийиш эмес. Анын ордуна 20-пунктка ылайык**

 © ФОЭС Фонду

**талап кылынган беренелер ортодогу жыйынтык суммаларды пайдалануу аркылуу башка стандарттарга ылайык көрсөтүлүүчү, кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктардын алдындагы отчеттуулукта көрсөтүлүүчү активдерден жана милдеттенмелерден өзүнчө көрсөтүлүүгө тийиш.**

## Кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктардын кыймылдарынын классификациясы

22 **Ишкана пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчеттун «Башка жыйынды киреше» бөлүмүндө отчеттук мезгил үчүн кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча бардык калдыктардын таза кыймылын көрсөтүүгө тийиш, алар башка жыйынды кирешенин курамында таанылган беренелерге кирет. Отчеттуулуктун айрым беренелери беренелерге тиешелүү таза кыймылды көрсөтүү үчүн колдонулууга тийиш, алар башка стандарттарга ылайык:**

(a) **кийин пайданын же зыяндын курамында кайра классификацияланбайт; жана**

(b) **айрым шарттар сакталган учурда кийин пайданын же зыяндын курамында кайра классификацияланат.**

23 **Ишкана пайданын же зыяндын курамында чагылдырылбай турган, сатып алууларга тиешелүү суммалар сыяктуу кыймылдарды алып салуу менен, отчеттук мезгил үчүн кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча бардык калдыктардын калган таза кыймылын пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчеттун «Пайда же зыян» бөлүмүндө же болбосо пайда же зыян жөнүндө өзүнчө отчетто өзүнчө берене катары көрсөтүүгө тийиш. Отчеттуулуктун бул беренеси ортодогу жыйынтык сумманы пайдалануу аркылуу башка ФОЭС стандарттарына ылайык көрсөтүлүүчү, кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктардын таза кыймылына чейин көрсөтүлүүчү кирешелерден жана чыгашалардан өзүнчө көрсөтүлүүгө тийиш.**

24 Эгерде ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таануунун натыйжасында кийинкиге калтырылган салык активин же кийинкиге калтырылган салык милдеттенмесин тааныса, анда ишкана жыйынтыгында алынган кийинкиге калтырылган салык активин (милдеттенмесин) жана ушул кийинкиге калтырылган салык активинин (милдеттенмесинин) тиешелүү кыймылын кийинкиге калтырылган салык активдери (милдеттенмелери) жана пайда салыгы боюнча чыгаша (киреше) жагынан «*Пайда салыгы*» ФОЭС (IAS) 12ге ылайык берилүүчү жыйынтык сумманын курамында эмес, кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча тиешелүү калдыктар жана бул калдыктардын кыймылдары менен бирге берилүүгө тийиш (B9 - B12-пункттарды караңыз).

25 Эгерде ишкана «*Сатууга арналган жүгүртүүдөн тышкаркы активдер жана токтотулган ишмердүүлүк*» ФОЭС (IFRS) 5ке ылайык токтотулган ишмердүүлүктү же чыгып жаткан топту көрсөтсө, анда ишкана аларга тиешелүү кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды жана бул калдыктардын таза кыймылын чыгып жаткан топтордун же токтотулган ишмердүүлүктүн курамында эмес, тиешелүү түрдө кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктар жана бул калдыктардын таза кыймылы менен бирге көрсөтүүгө тийиш (B19 - B22-пункттарды караңыз).

26 Эгерде ишкана «*Акцияга пайда*» ФОЭС (IAS) 33кө ылайык акцияга пайданы көрсөтсө, анда ишкана акцияга базалык жана суюлтулган пайданын кошумча көрсөткүчтөрүн көрсөтүүгө тийиш, алар ФОЭС (IAS) 33кө ылайык талап кылынган пайданын

суммаларын пайдалануу менен эсептелет, бирок кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктардын кыймылын өзүнө камтыбайт (B13 - B14-пункттарды караңыз).

## Маалыматты ачып көрсөтүү

### Максаты

**27 Ушул стандартты колдонуу жөнүндө чечим кабыл алган ишкана пайдалануучуларга төмөнкүлөрдү баалоого мүмкүндүк бере турган маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:**

**(a) анын алкагында баа (баалар) белгилене турган, аны (аларды) ишкана өзү берген товарлар же кызмат көрсөтүүлөр үчүн өз сатып алуучуларынан ала турган тарифтик жөнгө салуунун мүнөзүн, ошондой эле ушул тарифтик жөнгө салуу менен байланышкан тобокелдиктерди; жана**

**(b) анын финансылык абалына, финансылык натыйжалуулугуна жана акча каражаттарынын агымдарына бул тарифтик жөнгө салуунун таасирин.**

28 Эгерде 30 – 36-пункттарда көрсөтүлгөн кандайдыр-бир ачып көрсөтүүлөр 27-пунктта келтирилген максатка жетишүү үчүн жөндүү деп эсептелбесе, алар финансылык отчеттуулукка киргизилбеши мүмкүн. Эгерде 30 – 36-пункттарга ылайык көрсөтүлгөн ачып көрсөтүүлөр 27-пунктта келтирилген максатка жетишүү үчүн жетишсиз болуп саналса, анда ишкана бул максатка жетишүү үчүн зарыл болгон кошумча маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.

29 27-пунктта келтирилген маалыматты ачып көрсөтүүнүн максатына жетишүү үчүн ишкана төмөндө саналгандардын бардыгын эске алууга тийиш:

(a) маалыматты ачып көрсөтүүгө карата талаптарды аткаруу үчүн зарыл болгон тактоо даражасын;

(b) маалыматты ачып көрсөтүүгө карата ар түрдүү талаптардын ар биринин маанилүүлүгүнүн даражасын;

(c) маалымат канчалык агрегацияланган же дезагрегацияланган болууга тийиш экенин; жана

(d) ачып көрсөтүлгөн сандык маалыматты баалоо үчүн финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларга кошумча маалыматтын зарыл экендигин же жоктугун.

### Тарифтик жөнгө салуунун маңызы болуп саналган ишмердүүлүктүн түрлөрүн түшүндүрүү

30 Финансылык отчеттуулукту пайдалануучуга тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишкананын ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнүн мүнөзүн, ошондой эле аны менен байланышкан тобокелдиктерди баалоого жардам берүү үчүн ишкана тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүктүн ар бир түрү боюнча төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүктүн мүнөзүнүн жана масштабынын, ошондой эле жөнгө салуунун алкагында тарифтерди белгилөө процессинин мүнөзүнүн кыскача сыпаттамасын;

(b) тарифтерди жөнгө салуучу органдын (же органдардын) аталышын. Эгерде тарифтерди жөнгө салуучу орган («*Байланыштуу тараптар жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү*» ФОЭС (IAS) 24төгү аныктамага ылайык) байланыштуу тарап болуп саналса, анда ишкана бул фактыны ал аны менен

 © ФОЭС Фонду

кандай түрдө байланышканын түшүндүрүү менен бирге ачып көрсөтүүгө тийиш:

(c) тобокелдиктер менен айкын эместик кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча дебеттик калдыктардын ар бир классынын (башкача айтканда, чыгымдардын же кирешелердин ар бир тибинин) келечектеги ордун толтурууга же болбосо кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча кредиттик калдыктардын ар бир классын калыбына келтирүүгө кандай таасир этип жатканын, мисалы:

(i) суроо-талаптын өзгөрүшүнүн тобокелдиги (мисалы, товарга же кызмат көрсөтүүгө керектөөчүлөрдүн мамилелеринин өзгөрүшү, берүүнүн альтернативдүү булактарынын болушу же атаандаштыктын деңгээли);

(ii) тарифтерди жөнгө салуу менен байланышкан тобокелдик (мисалы, тарифти белгилөөгө өтүнүч берүү же болбосо бекитүү же жөнгө салуучу органдын күтүлгөн келечектеги аракеттерин ишкана талдашы); жана

(iii) башка тобокелдиктер (мисалы, валюталык же башка рыноктук тобокелдиктер).

31 30-пунктка ылайык ачып көрсөтүү талап кылынган маалымат финансылык отчеттуулукта же болбосо түздөн-түз эскертүүлөрдө көрсөтүлүүгө же болбосо кайчы шилтемелер аркылуу финансылык отчеттуулуктан жетекчиликтин түшүндүрмөлөрү сыяктуу кандайдыр-бир башка отчетко же тобокелдиктер жөнүндө отчетко киргизилүүгө тийиш, ал финансылык отчеттуулукту пайдалануучуларга финансылык отчеттуулуктун өзү сыяктуу эле шарттарда жана мөөнөттөрдө жеткиликтүү. Эгерде бул маалымат финансылык отчеттуулукка түздөн-түз же болбосо кайчы шилтемелер аркылуу киргизилбеген болсо, анда финансылык отчеттуулук толук эмес болуп саналат.

## Отчеттуулукта таанылган суммаларды түшүндүрүү

32 Ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таануу же таанууну токтотуу жүзөгө ашырылып жаткан негизди жана алар адегенде жана кийин кандай бааланып жатканын, анын ичинде кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктар орду толтурулушу жагынан кандай талданып жатканын жана нарктын түшүшүнөн зыянды бөлүштүрүү кандай жүзөгө ашырылып жатканын ачып көрсөтүүгө тийиш.

33 Тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүктүн ар бир түрү боюнча ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктардын ар бир классы үчүн төмөнкүдөй маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) эгерде башка формат алда канча орундуу болуп саналбаса гана, мезгилдин башталышына жана аягына карата баланстык нарктын таблица форматындагы салыштырып текшерүүсүн. Ишкана маалыматты тактоонун зарыл деңгээлин аныктоодо (28 – 29-пункттарды караңыз) ой жүгүртүүнү колдонууга тийиш, бирок демейде төмөнкүдөй компоненттер жөндүү болот:

(i) кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктар катары финансылык абал жөнүндө отчетто учурдагы мезгилде таанылган суммалар;

(ii) учурдагы мезгилде орду толтурулган (кээде амортизацияланган катары сыпатталат) же калыбына келтирилген калдыктар жагынан пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто (отчеттордо) таанылган суммалар; жана

(iii) кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарга таасир эткен, нарктын түшүшү, бизнестерди бириктирүүнүн алкагында алынган же кабыл алынган беренелер, чыгып калган беренелер же валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн же дисконттоо ставкаларынын таасири сыяктуу өзүнчө идентификацияланган башка айрым суммалар;

(b) акчалардын убакыт ичиндеги наркын чагылдыруу үчүн пайдаланылуучу кирешелүүлүк ченеми же дисконттоо ставкасын (анын ичинде нөлдүк ставка же, эгерде колдонууга болсо, ставкалардын диапазону), аны кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктардын ар бир классына карата колдонууга болот; жана

(c) калган мезгилдерди, алардын ичинде ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча дебеттик калдыктардын ар бир классынын баланстык наркынын ордун толтурууга (же амортизациялоого) же болбосо кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча кредиттик калдыктардын ар бир классын калыбына келтирүүгө ниеттенет.

34 Эгерде тарифтик жөнгө салуу пайда салыгы боюнча ишкананын чыгашасынын (кирешесинин) суммасына жана мөөнөттөрүнө таасир этсе, анда ишкана таанылган учурдагы жана кийинкиге калтырылган салыктын суммаларына тарифтик жөнгө салуунун таасирин ачып көрсөтүүгө тийиш. Мындан тышкары, ишкана салык салууга тиешеси бар кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча ар кандай калдыкты, ошондой эле бул калдыктын тиешелүү кыймылын өзүнчө ачып көрсөтүүгө тийиш.

35 Эгерде ишкана тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүктү жүзөгө ашырып жаткан жана ага карата ушул стандартка ылайык кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктар таанылган туунду ишканага, көзкаранды ишканага же болбосо биргелешкен ишканага катышуу үлүшү жагынан «*Башка ишканаларга катышуу жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү*» ФОЭС (IFRS) 12ге ылайык маалыматты ачып көрсөтсө, ишкана отчеттуулукка киргизилген кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча дебеттик жана кредиттик калдыктардын суммаларын, ошондой эле алар жөнүндө маалымат ачып көрсөтүлгөн катышуу үлүштөрү жагынан бул калдыктардын таза кыймылын ачып көрсөтүүгө тийиш (B25 - B28-пункттарды караңыз).

36 Эгерде ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдык мындан ары толук өлчөмдө орду толтурулууга же калыбына келтирилүүгө тийиш эмес деген тыянакка келсе, ал бул фактыны, калдык орду толтурулбай же калыбына келтирилбей турган себептерди, ошондой эле кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча бул калдыктын көлөмү ага азайтылган сумманы ачып көрсөтүүгө тийиш.


© ФОЭС Фонду

## А тиркемеси

## Терминдердин аныктамасы

*Бул тиркеме ушул стандарттын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

| | |
|---|---|
| **ФОЭС боюнча биринчи финансылык отчеттуулук** | Биринчи жылдык финансылык отчеттуулук, анда ишкана Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭС) шайкештик жөнүндө так жана шартсыз билдирүү аркылуу Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын (ФОЭС) колдонот. |
| **ФОЭСти алгачкы колдонуп жаткан ишкана** | **ФОЭС боюнча өзүнүн биринчи финансылык отчеттуулугун** берип жаткан ишкана. |
| **Мурдатан колдонулуп келген БЭЖП (GAAP) (Бухгалтердик эсептин жалпы кабыл алынган принциптери)** | ФОЭСти **алгачкы колдонуп жаткан ишкана** түздөн-түз ФОЭСке өтүүнүн алдында пайдаланган бухгалтердик эсептин принциптери жана эрежелери. |
| **Тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүк** | Ишкананын **тарифтик жөнгө салынууга** тийиш болгон ишмердүүлүгүнүн түрлөрү. |
| **Тарифтик жөнгө салуу** | Сатып алуучулар үчүн товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр жагынан баа түзүү режими, жана мында ушундай режим **тарифтерди жөнгө салуучу** орган көзөмөлдөшүнүн жана/же бекитишинин маңызы болуп саналат. |
| **Тарифтерди жөнгө салуучу орган** | Ченемдик укуктук актыга ылайык ыйгарым укуктуу орган ишканалар аткарууга милдеттүү болуп саналган тарифти же диапазонду белгилөө укугуна ээ. **Тарифтерди жөнгө салуучу** орган үчүнчү тарапты же болбосо ишканага карата байланыштуу тарапты, анын ичинде ишкананын өзүнүн жетектөөчү органын, эгерде мыйзамдарга же болбосо ченемдик укуктук актыга ылайык бул орган сатып алуучулардын кызыкчылыгында, ошондой эле ишкананын жалпы финансылык күч-кубатын камсыз кылуу максатында тарифтерди белгилөөгө милдеттүү болсо, билдириши мүмкүн. |
| **Кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдык** | Башка стандарттарга ылайык актив же милдеттенме катары таанылбай турган чыгашанын (же кирешенин) ар кандай эсеби боюнча сальдону чагылдырган, бирок сатып алуучулардан алынышы мүмкүн болгон **тарифтерди жөнгө салуучу** орган тарабынан белгиленүүчү тарифтин (же тарифтердин) эсебине ал киргизилген же, күтүлүп жаткандай, киргизиле турган болгондуктан таануулу кийинкиге калтыруу критерийлерин канааттандырган сумма. |

## В тиркемеси

## Пайдалануу боюнча колдонмо

*Бул тиркеме ушул ФОЭСтин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

### Тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүк

B1 Өткөн мезгилдерде тарифтик жөнгө салуу ишкананын ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрү жагынан колдонулуп келген. Бирок6 азыркы учурда сатып алуулардын, ишмердүүлүктү диверсификациялоонун жана жөнгө салууну кыскартуунун натыйжасында тарифтик жөнгө салуу ишкананын ишмердүүлүгүнүн айрым түрлөру жагынан гана колдонулушу мүмкүн жана натыйжада ишкана тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон, ошондой эле тийиш болбогон ишмердүүлүктү жүзөгө ашырат. Ушул стандарт тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишке карата гана колдонулат, ага карата ишкананын тибине же ал өз ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырып жаткан тармакка карабастан тарифтерди жөнгө салуучу органдын ишмердүүлүгүнүн натыйжасында мыйзамдык же башка ченемдик укуктук чектөөлөр колдонулат.

B2 Ишкана өз алдынча жөнгө салынуучу болуп саналган ишмердүүлүккө, башкача айтканда, баа түзүүнүн алкагында жөнгө салынбай турган, тарифтерди жөнгө салуучу тарабынан контролдонуучу жана/же бекитилүүчү ишмердүүлүккө карата ушул стандартты колдонууга тийиш эмес. Бул болсо ишкана ушул стандартты төмөнкүдөй учурларда колдонушуна тоскоолдук кылбайт:

(a) ишкананын өзүнүн башкаруу органы же байланыштуу тарап сатып алуучулардын кызыкчылыгында, ошондой эле баа түзүүнүн белгиленген режиминин алкагында ишкананын жалпы финансылык күч-кубатын камсыз кылуу үчүн тарифтерди белгилейт; жана

(b) режим көзөмөлдүн маңызы болуп саналат жана/же мыйзамдык же башка ченемдик укуктук акт тарабынан ыйгарым укук берилген орган тарабынан бекитилет.

### Учурдагы эсеп саясатын колдонууну улантуу

B3 Ушул стандарттын максаттары үчүн кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдык чыгашалардын (же кирешелердин) ар кандай эсебинин калдыгы катары аныкталат, ал башка ФОЭС стандарттарына ылайык актив же милдеттенме катары таанылбаган болушу мүмкүн, бирок башка мезгилге кийинкиге калтырылган киреше же чыгаша катары которуу үчүн критерийлерге жооп берет, анткени ал сатып алуучулардан алынышы мүмкүн болгон тарифти (тарифтерди) белгилөө учурунда тарифтерди жөнгө салуучу орган тарабынан эске алынган же болбосо, күтүлүп жаткандай, эске алынат. Жөнгө салынуучу тариф (тарифтер) чыгашанын (кирешенин) айрым беренелерине жайылтылбашы мүмкүн, анткени, мисалы, бул суммаларды тарифтерди жөнгө салуучу орган кабыл алат деп болжолдонбойт же болбосо алар тарифтик жөнгө салууга кабылбайт. Тиешелүү түрдө, эгерде башка ФОЭС стандарты мындай беренени активдин же милдеттенменин баланстык наркына кошууга уруксат бербесе же талап кылбаса, ал берене келип чыгышына жараша киреше же чыгаша катары таанылат.

B4 Айрым учурларда башка ФОЭС стандарттары кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды финансылык абал жөнүндө отчетто таанууга ишканага таптакыр тыюу салат, алар мурдатан колдонулуп келген БЭЖПга

(GAAP) ылайык эсеп саясатына ылайык өзүнчө же негизги каражаттар сыяктуу башка беренелердин курамында таанылышы мүмкүн. Бирок, ушул стандарттын 11-пунктуна ылайык ФОЭС боюнча өзүнүн биринчи отчеттуулугунда аны колдонуу жөнүндө чечим кабыл алган ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таануу, баалоо, наркынын түшүшү жана таанылышын токтотуу жагынан мурдатан колдонулуп келген БЭЖПга (GAAP) ылайык эсеп саясатын пайдаланууну улантуу максатында ФОЭС (IAS) 8дин 11-пунктунун талаптарын колдонуудан бошотууну пайдаланат. Мындай эсеп саясаты, мисалы, төмөнкүдөй практикаларды карашы мүмкүн:

(a) кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча дебеттик калдыкты таануу, мында ишкана уруксат берилген чыгымдардын (башкача айтканда, алардын ордун толтуруу үчүн жөнгө салынуучу тариф (тарифтер) дайындалуучу чыгымдардын) ордун толтуруу максатында тарифтерди жөнгө салуучу органдын иш жүзүндөгү же күтүлүп жаткан аракеттеринен улам келечектеги мезгилдерде тарифтерди көбөйтүүгө укуктуу;

(b) кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча дебеттик же кредиттик калдык катары негизги каражаттардын объекттеринин, ошондой эле материалдык эмес активдердин чыгып калышынан же аларды эсептен чыгаруудан зыянга же пайдага эквиваленттүү сумманы таануу, ал, күтүлүп жаткандай, келечектеги тарифтердин жардамы менен орду толтурулат же калыбына келтирилет;

(c) кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча кредиттик калдыкты таануу, мында тарифтерди жөнгө салуучу органдын иш жүзүндөгү же күтүлүп жаткан аракеттеринен улам ишкана уруксат берилген чыгымдарды (башкача айтканда, тарифтерди жөнгө салуучу орган көрсөткөн орду толтурулуучу нарктан ашкан суммаларды) ашкере ордун толтурууну калыбына келтирүү максатында келечектеги мезгилдерде тарифтерди азайтууга милдеттүү; жана

(d) кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды тарифтерди жөнгө салуучу орган көрсөткөн пайыздык ставканы же дисконттоо ставкаларын пайдалануу менен дисконттолбогон негизде же дисконттолгон негизде баалоо.

B5 Төмөндө тарифтерди белгилөө жагынан чечимдерди кабыл алууда тарифтерди жөнгө салуучу орган тарабынан уруксат берилген катары каралышы мүмкүн болгон жана ушундан улам ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктардын курамында таанууга укуктуу болгон чыгымдардын түрлөрүнүн мисалдары келтирилген:

(i) сатып алуулардын көлөмдөрү же баалары өзгөрүшү менен шартталган бюджеттен четтөөлөр;

(ii) «жашыл» энергетика боюнча бекитилген демилгелер менен байланышкан чыгымдар («*Негизги каражаттар*» ФОЭС (IAS) 16га ылайык негизги каражаттардын баштапкы наркынын курамында капиталдашуучу суммалардан ашыкча);

(iii) кошумча чыгашалар, алар тарифтик жөнгө салуу максаттары үчүн тикелей болуп саналбайт жана капиталдык чыгымдар деп эсептелет (бирок ФОЭС (IAS) 16га ылайык негизги каражаттардын объектинин баштапкы наркына киргизилиши мүмкүн эмес);

(iv) долбоорду токтотуу чыгымдары;

(v) жаратылыш кырсыгына байланыштуу келип чыккан чыгымдар; жана

© ФОЭС Фонду 

(vi) шарттуу пайыз (анын ичинде объектти куруу процессинде пайдаланылган жана ишкана өздүк капиталына кайтарымды жана зайымдарды алышын камсыз кылуучу финансылык каражаттар жагынан уруксат берилген суммалар).

B6 Кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктар демейде жөнгө салуу максаттары үчүн кирешелердин же чыгашалардын беренелерин таануунун жана мындай беренелерди финансылык отчеттуулуктун максаттары үчүн таануунун ортосундагы мезгилдик айырманы билдирет. Ишкана ФОЭСти алгачкы колдонгон учурда же жаңы ФОЭС стандартын же жаңы кайра каралган стандартты алгачкы колдонгон учурда эсеп саясатын өзгөрткөндө мезгилдик жаңы айырмалар келип чыгышы жана колдо болгондор өзгөрүшү мүмкүн, бул кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча жаңы калдыктар келип чыгышына жана таанылган калдыктар өзгөрүшүнө алып келет. 13-пунктта келтирилген, кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таанууну баштоо максатында ишканага өзүнүн эсеп саясатын өзгөртүүгө тыюу салган жоболор ФОЭСке ылайык эсеп саясатын башка өзгөртүүлөрдүн натыйжасында келип чыккан кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча жаңы калдыктарды таанууга же учурдагы калдыктарга өзгөртүүлөрдү киргизүүгө тоскоолдук кылбайт. Бул ушундай мезгилдик айырмалар жагынан кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таануу 11-пунктка ылайык колдонулуучу таануунун учурдагы саясатына шайкеш келээри жана жаңы эсеп саясатын киргизүүнү билдирбей тургандыгы менен шартталган. Ушундай эле түрдө, 13-пункт мезгилдик айырмалар менен шартталган, түздөн-түз ФОЭСке өтүү күнүнө чейин болбогон, бирок 11-пунктка ылайык белгиленген ишкананын эсеп саясатына ылайык келген кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды (мисалы, жаратылыш кырсыгына байланыштуу тартылган чыгымдар) таанууга тыюу салбайт.

## Башка ФОЭС стандарттарынын колдонулушу

B7 Ушул стандарттын колдонулушунун чөйрөсүнө кирген жана аларды колдонуу жөнүндө чечим кабыл алган ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таануу, баалоо, наркынын түшүшү жана таанылышын токтотуу жагынан мурдатан колдонулуп келген БЭЖПке (GAAP) ылайык өзүнүн эсеп саясатын пайдаланууну улантууга тийиш. Бирок 16 – 17-пункттарда айрым учурларда кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктар жагынан ушундай калдыктарды финансылык отчеттуулукта тиешелүү чагылдыруу үчүн башка ФОЭС стандарттарын колдонуу талап кылынышы мүмкүн деп көрсөтүлөт. Төмөн жактагы пункттарда айрым башка ФОЭС стандарттарынын ушул стандарттын талаптары менен өз ара байланышы сыпатталган. Атап айтканда, төмөн жактагы пункттарда башка ФОЭС стандарттарынын талаптарынан өзгөчө учурлар жана аларды сактоодон бошотуулар, ошондой эле ушундай калдыктарга карата колдонулушу күтүлүп жаткан маалыматты көрсөтүүгө жана ачып көрсөтүүгө кошумча талаптар түшүндүрүлөт.

### «*Отчеттук мезгилден кийинки окуялар*» ФОЭС (IAS) 10ду колдонуу

B8 Ишканага, балким, кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таанууда жана баалоодо эсептик маанилерди жана божомолдорду пайдаланууга туура келет. Отчеттук мезгил аякташынын жана финансылык отчеттуулукту чыгарууга жактыруу күнүнүн ортосундагы мезгилде болуп жаткан окуялар жагынан ишкана ушундай окуяларды эске алуу менен ушундай эсептик маанилерди жана божомолдорду оңдоп-түзөө зарылчылыгын аныктоо үчүн ФОЭС (IAS) 10ду колдонууга тийиш.

 © ФОЭС Фонду

## ***«Пайда салыктары»*** **ФОЭС (IAS) 12ни колдонуу**

B9 Айрым чектелген өзгөчө учурларды кошпогондо, ФОЭС (IAS) 12 ишкана бардык убактылуу айырмалар боюнча кийинкиге калтырылган салык милдеттенмесин жана (айрым шарттардын учурунда) кийинкиге калтырылган салык активин таанышын талап кылат. Тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүктү жүзөгө ашырып жаткан ишкана отчеттуулукта таануу керек болгон пайда салыгынын суммасын аныктоодо өзү жүзөгө ашырып жаткан ишмердүүлүктүн бардык түрлөрү, анын ичинде тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүк жагынан ФОЭС (IAS) 12ни колдонууга тийиш.

B10 Тарифтик жөнгө салуунун айрым схемаларында тарифтерди жөнгө салуучу орган пайда салыгы боюнча ишкананын чыгашасынын бир бөлүгүнүн же бардыгынын ордун толтуруу максатында келечектеги тарифтерди көбөйтүүгө ишканага уруксат берет же талап кылат. Мындай учурларда 11 – 12-пункттарга ылайык белгиленген эсеп саясатына ылайык, ишкана жыйынтыгында финансылык абал жөнүндө отчетто пайда салыгына тиешелүү болгон кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыкты таанып алат. Пайда салыгына тиешелүү болгон кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча ушундай калдыкты таануу өзүнөн өзү кошумча убактылуу айырмасын түзүшү мүмкүн, ага карата кийинкиге калтырылган салыктын кошумча суммасы таанылат.

B11 ФОЭС (IAS) 12деги маалыматты көрсөтүүгө жана ачып көрсөтүүгө карата талаптарга карабастан, кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таануунун натыйжасында ишкана кийинкиге калтырылган салык активин же кийинкиге калтырылган салык милдеттенмесин тааныган учурларда, ишкана ушундай кийинкиге калтырылган айырмалардын суммасын кийинкиге калтырылган салык активдеринин (милдеттенмелеринин) жыйынтык калдыктарынын курамына киргизүүгө укуксуз. Анын ордуна ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таануунун натыйжасында же болбосо төмөнкүчө келип чыккан кийинкиге калтырылган салык активин (милдеттенмесин) көрсөтүүгө тийиш:

(a) кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча дебеттик жана кредиттик калдыктар үчүн берилүүчү отчеттуулуктун беренелери менен бирге; же болбосо

(b) кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча тиешелүү дебеттик жана кредиттик калдыктар менен катар отчеттуулуктун өзүнчө беренеси катарында.

B12 Ушундай эле түрдө, ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды тануунун натыйжасында келип чыккан кийинкиге калтырылган салык активинин (милдеттенмесинин) кыймылын тааныганда, ишкана ушундай кийинкиге калтырылган сумманын кыймылын «пайда салыгы боюнча чыгашалар (кирешелер)» беренесинин курамына кошууга тийиш эмес, ал ФОЭС (IAS) 12ге ылайык пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто (отчеттордо) көрсөтүлөт. Анын ордуна ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды тануунун натыйжасында же болбосо төмөнкүчө келип чыккан кийинкиге калтырылган салык активинин (милдеттенмесинин) кыймылын көрсөтүүгө тийиш:

(a) кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктардын кыймылы жагынан пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто (отчеттордо) көрсөтүлүүчү отчеттуулуктун беренелери менен бирге; же болбосо

(b) тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктардын кыймылы жагынан пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто (отчеттордо)

көрсөтүлүүчү отчеттуулуктун тиешелүү беренелери менен катар отчеттуулуктун өзүнчө беренеси катарында.

### «*Акцияга пайда*» ФОЭС (IAS) 33тү колдонуу

B13 ФОЭС (IAS) 33түн 66-пункту айрым ишканалар пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто акцияга базалык жана суюлтулган пайданын көрсөткүчтөрүн көрсөтүшүн талап кылат, алар улантылып жаткан ишмердүүлүктөн пайда же зыян боюнча, ошондой эле башкы ишкананын жөнөкөй акцияларын кармоочуларга туура келген пайда же зыян боюнча эсептелген. Мындан тышкары, ФОЭС (IAS) 33түн 68-пункту токтотулган ишмердүүлүктү чагылдырган ишкана токтотулган ишмердүүлүк боюнча акцияга базалык жана суюлтулган пайданын көрсөткүчтөрү жөнүндө маалыматты пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто же болбосо эскертүүлөрдө ачып көрсөтүшүн талап кылат.

B14 ФОЭС (IAS) 33кө ылайык көрсөтүлгөн акцияга пайданын ар бир суммасы боюнча ушул стандартты колдонуп жаткан ишкана ушундай түрдө эсептелүүчү акцияга базалык жана суюлтулган пайданын кошумча суммаларын көрсөтүүгө тийиш, буга мындай суммалар кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктардын таза кыймылын алып салууга тийиш болгон учурлар кирбейт. ФОЭС (IAS) 33түн 73-пунктундагы талаптарга ылайык ишкана ушул стандарттын 26-пунктуна ылайык зарыл болгон акцияга пайда жөнүндө маалыматты бардык көрсөтүлгөн мезгилдер үчүн ФОЭС (IAS) 33кө ылайык мааниси боюнча акцияга пайда жөнүндө маалыматка теңдеш катары көрсөтүүгө тийиш.

### «*Активдердин наркынын түшүшү*» ФОЭС (IAS) 36ны колдонуу

B15 11 – 12-пункттар кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча таанылган калдыктарды аныктоо, таануу, баалоо жана калыбына келтирүү жагынан мурдатан колдонулуп келген БЭЖПке (GAAP) ылайык эсеп саясатын пайдаланууну улантышын талап кылат. Тиешелүү түрдө, ФОЭС (IAS) 36 кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча айрым таанылган калдыктар жагынан колдонулбайт.

B16 Бирок, ФОЭС (IAS) 36 ишкана акча каражаттарын жаратуучу бирдик боюнча нарктын түшүшү жагынан тестти жүргүзүшүн талап кылышы мүмкүн, ал өзүнө кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды камтыйт. Мындай тест акча каражаттарын жаратуучу бирдик гудвиллди камтыгандыгынан улам же болбосо акча каражаттарын жаратуучу ушундай бирдик жагынан ФОЭС (IAS) 36да сүрөттөлгөн нарктын түшүшүнүн бир же бир нече белгилери табылышынан улам талап кылынышы мүмкүн. Мындай кырдаалдар үчүн ФОЭС (IAS) 36нын 74 – 79-пункттары акча каражаттарын жаратуучу бирдиктин орду толтурулуучу жана баланстык наркын аныктоо жагынан талаптарды камтыйт. Ишкана бул талаптарды кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча таанылган калдыктар акча каражаттарын жаратуучу бирдиктин баланстык наркына киргизилээрин же жоктугун аныктоо учурунда нарктын түшүшү жагынан тестти өткөрүү максаттары үчүн колдонууга тийиш. ФОЭС (IAS) 36нын башка талаптары ушундай тестти өткөрүүнүн натыйжасында таанылган нарктын түшүшүнөн зыян жагынан колдонулууга тийиш.

### «*Бизнести бириктирүү*» ФОЭС (IFRS) 3тү колдонуу

B17 ФОЭС (IFRS) 3түн негизги принциби бизнести сатып алуучу сатып алынган активдерди жана кабыл алынган милдеттенмелерди сатып алуу күнүнө карата алардын адилет наркы боюнча таанышында турат. ФОЭС (IFRS) 3 өзү белгилеген таануу жана


© ФОЭС Фонду

баалоо принциптеринен чектелген өзгөчө учурларды карайт. Ушул стандарттын B18-пункту кошумча өзгөчө учурду карайт.

B18 11 – 12-пункттар ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таануу, баалоо, наркынын түшүшү жана таанылышын токтотуу жагынан мурдатан колдонулуп келген БЭЖПке (GAAP) ылайык эсеп саясатын колдонууну улантышын талап кылат. Тиешелүү түрдө, эгерде ишкана бизнести сатып алса, анда бириктирилген финансылык отчеттуулукта ал сатып алуу күнүнө карата сатып алуучу ишканада болгон кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таануу жана баалоо жагынан 11 – 12-пункттарга ылайык белгиленген эсеп саясатын колдонууга тийиш. Сатып алуучу ишканада болгон кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктар сатып алуучу ишкана мындай калдыктарды өзүнүн финансылык отчеттуулугунда тааныганына же жоктугуна карабастан анын эсеп саясатына ылайык сатып алуучунун бириктирилген финансылык отчеттуулугунда таанылууга тийиш.

### «*Сатууга арналган жүгүртүүдөн тышкаркы активдер жана токтотулган ишмердүүлүк*» ФОЭС (IFRS) 5ти колдонуу

B19 11 – 12-пункттар ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таануу, баалоо, наркынын түшүшү жана таанылышын токтотуу жагынан мурдатан колдонулган эсеп саясатын пайдаланууну улантышын талап кылат. Тиешелүү түрдө, баалоого карата ФОЭС (IFRS) 5тин талаптары кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча таанылган калдыктар жагынан колдонулууга тийиш эмес.

B20 ФОЭС (IFRS) 5тин 33-пункту пайда же зыян жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетто (отчеттордо) токтотулган ишмердүүлүк үчүн бирдиктүү сумманы көрсөтүүнү талап кылат. Бул пункттун талаптарына карабастан, ушул стандартты колдонуу жөнүндө чечим кабыл алган жана токтотулган ишмердүүлүк жөнүндө маалыматты көрсөткөн ишкана токтотулган ишмердүүлүктүн алкагында тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруунун натыйжасында келип чыккан кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктардын кыймылын ФОЭС (IFRS) 5тин 33-пунктуна ылайык талап кылынган отчеттуулуктун беренелерине кошууга тийиш эмес. Анын ордуна ишкана токтотулган ишмердүүлүктүн алкагында же болбосо төмөнкүчө тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруунун натыйжасында келип чыккан кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктардын кыймылын көрсөтүүгө тийиш:

(a) пайдага же зыянга кирген кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктардын кыймылдары жагынан көрсөтүлүүчү отчеттуулуктун беренесинин курамында; же болбосо

(b) пайдага же зыянга кирген кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктардын кыймылдары жагынан көрсөтүлүүчү отчеттуулуктун тиешелүү беренеси менен катар отчеттуулуктун өзүнчө беренеси катары.

B21 Ушундай эле түрдө, ФОЭС (IFRS) 5тин 38-пунктунун талаптарына карабастан, чыгып жаткан топту билдирген ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча жана чыгып жаткан топтун курамына кирген дебеттик жана кредиттик калдыктардын жыйынтык суммасын ФОЭС (IFRS) 5тин 38-пунктуна ылайык талап кылынган отчеттуулуктун беренесине кошууга тийиш эмес. Анын ордуна ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча жана чыгып жаткан топтун курамына кирген дебеттик жана кредиттик калдыктардын жыйынтык суммасын же болбосо төмөнкүдөй көрсөтүүгө тийиш:

(a) кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча дебеттик жана кредиттик калдыктар жагынан көрсөтүлүүчү отчеттуулуктун беренелеринин курамында; же болбосо

(b) кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча башка дебеттик жана кредиттик калдыктар менен катар отчеттуулуктун өзүнчө беренелери катарында.

B22 Эгерде ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды жана чыгып жаткан топко же токтотулган ишмердүүлүккө тиешелүү ушундай калдыктардын кыймылдарын кийинкиге калтырылган тарифтик бирдиктердин тиешелүү беренелеринин курамында көрсөтүү вариантын тандаса, алар боюнча маалыматты, балким, ушул стандарттын 33-пунктунда сыпатталган кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын беренелерин талдоонун бир бөлүгү катары өзүнчө ачып көрсөтүүгө туура келет.

## «*Бириктирилген финансылык отчеттуулук*» ФОЭС (IFRS) 10ду жана «*Ассоциацияланган жана биргелешкен ишканаларга салынган инвестициялар*» ФОЭС (IAS) 28ди колдонуу

B23 ФОЭС (IFRS) 10дун 19-пунктуна ылайык «башкы ишкана окшош жагдайларда окшош операциялар жана башка окуялар үчүн бирдиктүү эсеп саясатын пайдалануу менен бириктирилген финансылык отчеттуулукту даярдоого тийиш». Ушул стандарттын 8-пункту ушул стандарт колдонулуучу чөйрөгө кирген жана аны колдонуу жөнүндө чечим кабыл алган ишкана тарифтик жөнгө салынууга тийиш болгон ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүн бул ишкана жүзөгө ашырышынын натыйжасында келип чыккан кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча бардык калдыктарга карата ушул стандарттын бардык талаптарын колдонушун талап кылат. Тиешелүү түрдө, эгерде башкы ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды ушул стандартка ылайык өзүнүн бириктирилген финансылык отчеттуулугунда тааныса, ал анын бардык туунду ишканаларында келип чыккан кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктар жагынан бир эле эсеп саясатын колдонууга тийиш. Бул принцип туунду ишканалар ушундай калдыктарды өзүнүн жеке финансылык отчеттуулугунда тааныганына же жоктугуна карабастан колдонулат.

B24 Ушундай эле түрдө, ФОЭС (IAS) 28дин 35 – 36-пункттарына ылайык үлүштүк катышуу методун колдонгон учурда «ишкананын финансылык отчеттуулугу окшош жагдайларда орун алган окшош операциялар жана окуялар жагынан бирдиктүү эсеп саясатын пайдалануунун негизинде түзүлүүгө тийиш». Тиешелүү түрдө, кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таануу, баалоо, наркынын түшүүсү жана таанылышын токтотуу жагынан көз каранды ишкананын же биргелешкен ишкананын эсеп саясатын ал үлүштүк катышуу методун колдонуп жатканда инвестициялоочу ишкананын эсеп саясатына ылайык келтирүү максатында оңдоп-түзөөнү жүргүзүү зарыл.

### «*Башка ишканаларга катышуу жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү*» ФОЭС (IFRS) 12ни колдонуу

B25 ФОЭС (IFRS) 12нин 12(е)-пункту ишкана катышуунун контролдонбоочу үлүшү бар болгон, отчет берүүчү ишкана үчүн олуттуу болгон өзүнүн тунду ишканаларынын ар бири боюнча отчеттук мезгилдин ичинде туунду ишкананын катышуусунун контролдонбоочу үлүшүнө киргизилген пайданы же зыянды ачып көрсөтүшүн талап кылат. Кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды тааныган ишкана ушул стандартка ылайык кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктардын таза кыймылдары жөнүндө маалыматты

ачып көрсөтүүгө тийиш, булар ФОЭС (IFRS) 12нин 12(e)-пункту ачып көрсөтүлүшүн талап кылган суммалардын курамына киргизилет.

B26 ФОЭС (IFRS) 12нин 12(g)-пункту ишкана катышуунун контролдонбоочу үлүшү бар болгон, отчет берүүчү ишкана үчүн олуттуу болгон өзүнүн туунду ишканаларынын ар бири боюнча, ФОЭС (IFRS) 12нин B10-пунктуна ылайык туунду ишкана жөнүндө жалпыланган финансылык маалыматты ачып көрсөтүшүн талап кылат. Ушундай эле түрдө, ФОЭС (IFRS) 12нин 21(b)(ii)-пункту ишкана отчет берүүчү ишкана үчүн олуттуу болуп саналган өзүнүн биргелешкен ишканаларынын жана көз каранды ишканаларынын ар бири боюнча ФОЭС (IFRS) 12нин B12 жана B13-пункттарына ылайык жалпыланган финансылык маалыматты ачып көрсөтүшүн талап кылат. ФОЭС (IFRS) 12нин B16-пунктунда жалпыланган финансылык маалымат берилген, аны ишкана ФОЭС (IFRS) 12нин 21(c)-пунктуна ылайык бардык башка жекече маанилүү эмес ассоциацияланган жана биргелешкен ишканалар боюнча ачып көрсөтүүгө милдеттүү.

B27 ФОЭС (IFRS) 12нин 12, 21, B10, B12 - B13 жана B16-пункттарында көрсөтүлгөн маалыматтан тышкары ушул стандартка ылайык кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды тааныган ишкана кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча жыйынды дебеттик калдык, кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча жыйынды кредиттик калдык жөнүндө маалыматты, ошондой эле ушундай калдыктардын таза кыймылдары жөнүндө маалыматты пайданын же зыяндын курамында таанылуучу суммаларды жана ал үчүн ФОЭС (IFRS) 12ге ылайык мындай маалыматты ачып көрсөтүү талап кылынган ар бир ишкана боюнча башка жыйынды кирешенин курамында таанылуучу суммаларды бөлүү менен ачып көрсөтүүгө тийиш.

B28 ФОЭС (IFRS) 12нин 19-пунктунда ишкана туунду ишканага контролдукту жоготкон учурда ФОЭС (IFRS) 10дун 25-пунктуна ылайык эсептелүүчү пайданы же зыянды таануу учурунда ачып көрсөтүүгө тийиш болгон маалымат көрсөтүлгөн. ФОЭС (IFRS) 12нин 19-пунктуна ылайык талап кылынган маалыматка кошумча түрдө ушул стандартты колдонуу жөнүндө чечим кабыл алган ишкана контролду жоготуу күнүнө карата мурдагы туунду ишканадагы кийинкиге калтырылган тарифтик айырмалардын эсеби боюнча калдыктарды таанууну токтотууга тиешелүү пайданын же зыяндын бир бөлүгү жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.

## С тиркемеси

## Күчүнө кирүү күнү жана эсепке алуунун жаңы тартибине өтүү

*Бул тиркеме ушул стандарттын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

## Күчүнө кирүү күнү жана эсепке алуунун жаңы тартибине өтүү

### Күчүнө кирүү күнү

C1 Эгерде ФОЭС боюнча ишкананын биринчи жылдык финансылык отчеттуулугу 2016-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу мезгил үчүн даярдалса, ал ушул стандартты колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана ушул стандартты алда канча эрте мезгил үчүн ФОЭС боюнча өзүнүн биринчи финансылык отчеттуулугунда колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.


© ФОЭС Фонду